Нарын областы. Кочкор району

Аблес уулу Алайдар атындагы орто мектеби.

*Табигый илимий усулдук бирикмеси.*

*Биология*

# *Ачык сабак*

*6б-класс*

**Тема:** *Уруктун түзүлүшү.*

**Мугалим:** *Төлөева Жаныл.*

2022 - 2023 - окуу жылы

Нарын облусу

Кочкор району

Аблес уулу Алайдар атындагы орто мектеби

9 - класс

Ачык сабак

# *Касым Тыныстановдун “Кышкы түндө” ырына адабий талдоо*

Мугалим: Өмүрсакова Света





2022-2023-окуу жылы

7.04.2022

**Сабактын тиби:** билим жана билгичтиктерди өркүндөтүү

**Сабактын методу:** интерактивдүү окутуунун методдору

**Сабактын формасы:** аңгемелешүү, таймаш, чакан топ менен иштөө.

**Сабак аралык байланыш:** кыргыз адабияты, тарых, музыка, дене тарбия

**Сабактын жабдылышы:** слайд, баалоо баракчалары, окуу куралы, түстүү сүрөттөр, таркатмалар, быйтыкчалар

| **Компе тент-к** | **Сабактын максаты** | **Көрсөткүчтөр** |
|---|---|---|
| ***Маалыматтык*** | ***Билим берүүчүлүк:*** Окуучулар Касым Тыныстановдун "Кышкы түндө" чыгармасы менен таанышышат, ырдын маани-мазмунун чечмелешет, топтук иш көрсөтүү аркылуу алган билимдерин жалпылап, жыйынтыкташат. | Алган билимдерин кайталап, жалпылап жана бышыктай алса, ырдын маани-мазмунун чечмелешсе; |
| ***Социалдык коммуникациялык*** | ***Өнүктүрүүчүлүк:*** Окуучулар чыгарманын сюжетин окуу аркылуу эстеп калуу жөндөмүн, суроолорго так, туура жооп берүү аркылуу ой жүгүртүүсүн жана топто иш көрсөтүү аркылуу өз оюн ортого салуу жана чыгармага абадий талдоо жүргүзүү жөндөмүн өнүктүрүшөт. Кыргыз адабият сабагына кызыгуусу артат. | Жөндөмдөрүн өстүрүү менен бирге, поэзияны талдай билсе; |

| | | |
|---|---|---|
| Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү | ***Тарбия берүүчүлүк:*** Касым Тыныстановдун ырлары, дегеле чыгармачылыгы жана өмүрү жаштар үчүн үлгү экенине ынанышат. Тарбиялык маанисин аныкташат. | Тыныстановдун ырлары, дегеле чыгармачылыгы жана өмүрү үлгү катары көрүшсө, тарбиялык маанисин түшүнүшсө. |

**Сабактын жүрүшү:**

***1.Уюштуруу / жагымдуу маанай (5 мүнөт)***

***Мугалим:*** Саламатсыздарбы! Алгач сабактын башында сиздердин бүгүнкү маанайыңыздарды байкайын. Маанайыбыз жакшыбы? Эгер маанай жакшы болсо, андан бетер сонун кылабыз! Байкап атсаңыздар керек, акыркы учурларда жаштар арасында челендж, тик-ток тартуу өзгөчө популярдуулукка ээ болуп жаткан убагы. Демек, биз дагы элден калбай бир байкап көрөлү. Алгач азыр экранда жагымдуу музыканын коштоосунда бийлеген кыздарды көрөбүз, кыймылдарын эстеп калууга аракет кылабыз. Экинчисинде экранды карап, кыздар менен кошо, мени менен кошо кыймылдап, бийлеп, тырышып калган денебизди жибитебиз.

- ✓ Окуучулар мугалим менен саламдашышат. Музыканын коштоосунда бийлешет да, маанайлары көтөрүлө түшөт.

Tik Tok



***Мугалим:*** Азаматсыңар, балдар! Абдан сонун бийлейт экенсиңер!

- Сабактын алтын эрежеси тууралуу эскертүү **(2 мүнөт)**
- Топторго бөлүү **(3 мүнөт)**
- Мугалим сабакта быйтыкчалардын жардамы менен 2 топко бөлөт. Эки башка быйтыкчаларды тандаган окуучулар өз-өзүнчө бөлүнүп олтурушат.



- Сабактын жүрүшүндө окуучуларды баалоо максатында К.Тыныстановдун элеси түшүрүлгөн 10 сомдук акча бирдиги берилет. Окуучулар аны кутучага чогултуп, соңунда эң көп акча топтогон тайпа жеңишке ээ болот.



**2. Өтүлгөндөрдү кайталоо (5 мүнөт)**

Окуучулар доскада илинген флип-чарттардагы маалымат талаасын толтурушат. Ар бир туура жооп үчүн 10 сомдон акча топтошот.

| | |
|---|---|
| 1. К.Тыныстанов качан жана кайсы жерде туулган? | |
| 2. Касым Тыныстановдун кайсы ырында заңгыраган тоолордон бүткөн ата журттун булуттан жоолук салынган, алыста жүргөн уулун сагынып, күн сайын моюн созуп жол караган, ак чач энесин элесин тартат? |  |
| 3. Ким 1919-1924-жылдары Ташкендеги казак-кыргыз агартуу институнда окуган? | |
| 4. "Касым ырлар жыйнагы" качан жана кайсы басмаканада басылган? | |
| 5. "Касым ырлар жыйнагында" канча казакча ыры кирген? | |
| 6. "Касым ырлар жыйнагындагы" эң көлөмдүү поэма? | |
| 7. Касым Тыныстановго ак жеринен "Эл душманы" деген атты кайсы катаал мезгил койгон? | |

**3. Жаңы теманы өтүү (10 *мүнөт)***

**Мугалим:** Сабагыбыздын максаты К.Тыныстановдун бизге тааныш болбогон "Кышкы түндө" деген ыры менен таанышабыз. Анын маани-мазмунун ачабыз. Ырга адабий талдоо жүргүзүү жөндөмүбүздү өнүктүрөбүз жана ошондой эле Касым Тыныстановдун өрнөктүү өмүрүн үлгү тутабыз.

- ✓ Мугалим жаңы тема менен окуучуларды тааныштырат. Сабактын темасы жана максаттары экрандан көрсөтүлүп турат.
- ✓ **Аудио уктуруу:** Алгач окуучулар ырды видео аркылуу музыканын коштоосунда көркөм окулган вариантын кулагы менен угат.
- ✓ Андан соң экрандан ырдын текстти чыгып, окуучулар көзү менен көрөт.

**Мугалим:** Акындын ырын кулагыбыз менен уктук, өз көзүбүз менен көрдүк. Бирок, байыркы кытай ойчулу жана философу Конфуцийдин мындай бир сонун учкул кеби бар. "Уктум – унуттум, көрдүм – эстедим, жасадым – үйрөндүм" – дейт. Андыктан ырды толук сиңирүү үчүн эми өзүбүз көркөм окуй кетели.

- ✓ Эми окуучулар тайпадан бир адамды өз ара тандап ырды өздөрү көркөм окуп беришет. Ырды окуу жөндөмдүүлүгүнө карап, мугалим аларды баалайт.
- ✓ Ырдын маани-мазмунун түшүндүрөт. Мугалим окуучулар менен биргеликте ырга адабий талдоо жүргүзөт.

**4. Сабакты бышыктоо (20 *мүнөт*)**

Сабакты бышыктоо жана ырды терең түшүнүү максатында мугалим топторго суроолорду жана тапшырмаларды берет.

**Мугалим:** Биринчи караганда, 1-куплетте ыр жаратылыш, тагыраагы кышты сүреттөгөн пейзаждык жанрдагы ырдай көрүнөт. Бирок андан кийин 2-куплетте акын коюу түндө кыздын ак жибектей үн менен ырдап жаткан элесин тартат. *Демек, эмне биринчи орунда турат? Акын пейзажды сүрөттөөнү көздөгөнбү? Же адамды, анын психологиялык ал-абалынбы?*

***1-тапшырма:***

*«Кышкы түндө» кандай чыгарма? Кайсы текке кирет?*

***Жооп:*** *Лирикалык чыгарма*

***2-тапшырма:***

*Ырдын маани-мазмуну кандай?*

***Жооп:*** *Ырда дайын-дареги ачык айтылбаган бир кыздын кандайдыр бир кайгысын айтып берүү демилгеси бар. Бирок ал кайгысынын өтүү процесси, маани-маңызы, себептери табышмактуу бойдон калды. Баамга даана илингени ушул ырдын  аты жок каарманы бир үйдө, чырак жарыгында кыңылдап обон салып отурат. Анын «кээде ыйлап, кээде жандан аша кечип, зарлаганын» комуздун кейиштүү күүлөрү коштойт. А тышта кычыраган кыш.*

*Муңдуу күү менен кыш - персонажды ар түрдүү жагынан толуктап, тереңдетип турган ЖАРДАМЧЫ КОМПОНЕНТТЕР. Мында жаш акын кыздын психологиялык абалын муңдуу күү жана табият кубулуштары аркылуу экилентип туюндуруу ниетин көздөгөн сыяктанат.*

***3-тапшырма:***

*Силлабикалык ыр түзүлүшү? Окуучуларга ырдын куплеттери жазылган карточкалар таратылат. Алар муундарын санап жазышат.*

Чыкылдап, темир аяз түндү бийлеп, (11муун)
Так куруп, атар таңга каршы сүйлөп. (11)
Бук кылат, ич бышырат, отко салат, (11)
Бир эсе тынч жүрөктү мыкчып сүйрөп. (11)

Шам жанат жалкоолонуп бүлбүлдөгөн, (11)
Түшүрүп начар шоола үлбүрөгөн, (11)
Кыз ырдайт кубулжутуп ачуу, таттуу, (11)
Үн менен ак жибектей үлпүлдөгөн. (11)

Айткан ыр түпкү сырын жүрөгүнүн, (11)
Көрсөтөт неде экенин тилегинин. (12)
Кээде ыйлап, кээде жандан аша кечип, (12)
Зарданып кээде эркиндик тилегенин. (12)

Чарчаңкы чалган комуз толкунданып, (11)
Бир төмөн, бир жогору күүлөр чалып. (11)
Бир какшап, бирде таңшып, кээде так-так, (11)
Эмизип, энем айткан үнгө салып. (11)

Туутан күү каргылдантып саймалуу үнүн, (12)
Өрөпкүп, токтото албай муун-жүүнүн. (11)
Сыр төгөт жара жапкан көкүрөгүнөн, (12)
Тамшанып сагынганын өткөн күнүн... (11)

Кыз, комуз зардап айткан үнүн угуп, (11)
Элирип, эт жүрөгүм катуу булкуп, (11)
Секирет найза тийип, туз куйгандай, (11)
Кабынан чыгуучудай үзүп, жулкуп...(11)

***4-тапшырма:***

*Ырдын көркөмдүүлүгүн арттыруучу сөз каражаттарын табуу.*

Чыкылдап, **темир аяз түндү бийлеп,** (өтмө мааниде, бийлөө-башкаруу)
Так куруп, атар таңга каршы сүйлеп.
Бук кылат, ич бышырат, отко салат,
Бир эсе тынч **жүрөктү мыкчып сүйрөп.**

Шам жанат жалкоолонуп бүлбүлдөгөн,
Түшүрүп начар шоола үлбүрөгөн,
Кыз ырдайт кубулжутуп **ачуу, таттуу,** (антоним)
Үн менен **ак жибектей** үлпүлдөгөн. (салыштыруу)

Айткан ыр түпкү сырын жүрөгүнүн,
Көрсөтөт неде экенин тилегинин.
Кээде ыйлап, кээде жандан аша кечип,
Зарданып кээде эркиндик тилегенин.

Чарчаңкы чалган комуз толкунданып,
Бир **төмөн,** бир **жогору** күүлөр чалып. (антоним)

Бир какшап, бирде таңшып, кээде так-так,
Эмизип, энем айткан үнгө салып.

•

Тууган күү каргылдантып саймалуу үнүн,
Өрөпкүп, токтото албай муун-жүүнүн.
**Сыр төгөт** жара жапкан көкүрөгүнөн, (өтмө маанидe)
Тамшанып сагынганын өткөн күнүн...

Кыз, комуз зардап айткан үнүн угуп,
Элирип, эт жүрөгүм катуу булкуп,
Секирет найза тийип, туз куйгандай,
Кабынан чыгуучудай үзүп, жулкуп...

**5. Окуучуларды баалоо.** Эң көп акча чогулткан топ жеңишке ээ болот. Жекече баалоо да жүргүзүлөт.

**6. Үйгө тапшырма. Ыр түзүү тапшырмасы**

1-топко: «Касым, басым, кадыры бийик» деген сөздөрдү колдонуу менен 1 куплет ыр жаратуу.

2-топко: ................................актайлы,
................................сактайлы.
...............................................,
..............................барктайлы!

Жогорудагы формага салып ыр жаратуу.

10/XI 2022 жыл 6-А

*биология 6- класс*

**Сабактын темасы:** Уруктун түзүлүшү. Эки үлүштүү өсүмдүктөр.

| | |
|---|---|
| ***Негизги компетенттүүлүктөр:***<br>*1. Маалыматтык:*<br>*2. Социалдык- коммуникативдик:*<br>*3. Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү:* | ***Сабактын тиби:*** *Аралаш*<br>***Сабактын формасы:***<br>***Колдонулуучу ыкмалар:*** *Аңгемелешүү, суроо- жооп ж.б.*<br>***Керектелүүчү каражаттар:*** *Темага байланыштуу таркатмалар, карточкалар, сүрөттөр ж.б.*<br>***Предмет аралык байланыш:*** |

| № | Сабактын максаттары (Окуучулар үчүн күтүлүүчү натыйжалар) | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|
| 1 | ***Билим берүүчүлүк:*** Уруктун түзүлүшү боюнча маалымат алышат. Эки үлүштүү өсүмдүктөр жана бир уруктуу өсүмдүктөрдүн уругунун түзүлүшү боюнча билишет. | Уруктун түзүлүшү боюнча маалымат алышса. Эки үлүштүү өсүмдүктөр жана бир уруктуу өсүмдүктөрдүн уругунун түзүлүшү боюнча билишсе. |
| 2 | ***Өнүктүрүүчүлүк:*** Уруктун түзүлүшү, эки үлүштүү өсүмдүктөр жана бир уруктуу өсүмдүктөрдүн уругунун түзүлүшүбоюнча түшүнүгүн, өз оюн эркин айтуу менен, окуучулар бири- бири менен аңгемелешүү аркылуу сөз байлыгы, ой- жүгүртүүсү, кабыл алуусу, чыгармачылыгы, логикасы калыптанат. | Уруктун түзүлүшү, эки үлүштүү өсүмдүктөр жана бир уруктуу өсүмдүктөрдүн уругунун түзүлүшү боюнча түшүнүгүн, өз оюн эркин айтуу менен, окуучулар бири- бири менен аңгемелешүү аркылуу сөз байлыгы, ой- жүгүртүүсү, кабыл алуусу, чыгармачылыгы, логикасы калыптанса. |
| 3 | ***Тарбиялык:*** Кыргыз жерин сүйүүгө, өсүмдүктөрдү, жан- жаныбарларды коргоого жана сүйүүгө, эмгекчилдикке, патриоттуулукка, ынтымактуулукка, бири- биринин оюн сыйлоого жана уга билүүгө тарбияланышат. | Кыргыз жерин сүйүүгө, өсүмдүктөрдү, жан- жаныбарларды коргоого жана сүйүүгө, эмгекчилдикке, патриоттуулукка, ынтымактуулукка, бири- биринин оюн сыйлоого жана уга билүүгө тарбияланышса |

**Сабактын жүрүшү:**

| Сабактын этаптары | Убактысы | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү | Компетенттүүлүгү | | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1.Уюштуруу . | 3мин. | Окуучулардын окуу куралдарын, гигиеналык абалдарын текшерет. | Окуучулар окуу куралдарын толукташат жана гигиеналык абалдарына көңүл бурушат. | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2. Өтүлгөн теманы кайталоо. | 3-5 мин. | Мугалим окуучуларга өтүлгөн темалар боюнча суроо берүү менен кыскача аңгеме жүргүзөт. | Окуучулар берилген суроолорго жооп берүү менен өздөрү билгендерин ортого салышат. | | |
| 3. Жаңы теманы түшүндүрүү. | 5-7 мин. | *Мугалимдин сөзү:Бул суроолорго жооп бериш үчүн уруктун түзүлүшүн карап көрөлү. Өсүмдүктөрдүн уруктарынын сырткы формалары ар кандай түрдүү. Бирок түзүлүшүндө бардыгында окшоштук байкалат. Салыштырып көрсөк, уруктардын бардыгынын кабыгы, түйүлдүгү, белгилүү азык заттары болот. М: Буурчактын уругунда үлүш бөлүктөрдүн бардыгы бар (25- сүрөт).* Мугалим окуучулардын билимин текшерип алуу максатында уруктун түзүлүшү, эки үлүштүү өсүмдүктөр жана бир урукуу өсүмдүктөрдүн уругунун түзүлүшүбоюнча сурап алат. | Окуучулар уруктун түзүлүшү, эки үлүштүү өсүмдүктөр жана бир урукуу өсүмдүктөрдүн уругунун түзүлүшү боюнча билгендерин эркин айтып беришет. Мугалим теманы түшүндүрүп жатканда купт коюп угушат. Уруктун түзүлүшү, эки үлүштүү өсүмдүктөр жана бир урукуу өсүмдүктөрдүн уругунун түзүлүшү боюнча билип алышат. | | |
| 4. Жаңы теманы бышыктоо. | 7- 10 мин. | Мугалим доскага сүрөттөрдү илет. | Окуучулар сүрөттөр менен иштешет. | | |
| 5.Талкуулоо үчүн суроолор. | 10мин. | - Нымдалган жана кургак урукту салыштыргыла, кайсынысы чоң? Себебин түшүндүргүлө.<br>- Урукту кабыгынан ажыратып, түйүлдүктү карап, төмөнкү суроолорго жооп бергиле. | Окуучулар карточкаларга жооп беришет. Ойлорун эркин айтышат. | | |
| 6. Тема боюнча тынигуу. | 5мин. | Мугалим окуучуларга дене тарбия көнүгүүлөрүн аткартат. | Окуучулар дене тарбия көнүгүүлөрүн аткаруу менен колдорун эс алдырып, сабакты андан ары улантышат. | | |
| 7. Сабакты жыйынтыктоо | 5мин. | Мугалим сабакты жыйынтыктоо максатында карточкаларды таратат. | Окуучулар мугалим берген суроолорго жооп беришет. | | |
| 8. Үйгө тапшырма берүү. | 3мин. | Сүрөт тартып келүү. | | | |

## Өнуктуруучулук.

2. Окуучулардын аң-сезимин, таанып билуусун өстуруу.

## Тарбиялык.

3. Бири – бирине жардамдашууга, достукта тарбиялоо. Окуучуларда эстетикалык , экологиялык маданиятты калыптандыруу.

Уруктун тузулушу. Эки улуштуу Өсумдуктөр.

Сабактын максаты:

Билим беруучулук.

1. ***Уруктан өсумдуктөр органдары кантип пайда болоорун, уруктун өсушу учун негизги шарттар кайсылар экендигин тушундуруп беруу.***

проблемалык суроолор көп берилип, туура жоопторду ала алды.

Доска жигердүү колдонулду, суроолор жазылган.

Сабакты начар өздөштүргөн окуучуларды сабакка катыштырууга аракет кылды.

Катышканда алар негизги терминдерди өздөштүрө алышты.

Сабак өз структурасы менен өтүлдү.

„нормативдүү типтеги сабак" деп баалайм.

4. Бабиев К: Сабак стандарттуу сабак.

Сабактын структурасы так сакталды.

Сабактын максаты доскага илинип коюлган.

Турмуш менен байланышкан тааныш сабак болду.

Методикалык сунуш темага чоңураак жазуу

жана кайталоону.

Каралган маселени талкуулап чыгып,төмөнкүдөй токтом кылат:

1. мектептин биология мугалими Ж. Төлөбаеванын 6 Б классында өткөн „Уруктун түзүлүшү" деген сабагы „нормативдүү типтеги сабак" деп бааласын.


2.


**Жыйналышты алып барган**

**Окуу бөлүмүнүн башчысы: Г.Бегалиева.**

**Талкуунун токтомун жазган: К.Бейшеев**

10. 11. 22.





эндосперм
пиёз

1. Уңгутуулардын уругунун түзүлүшү.



Т.ОО Буурчактын уругунун түзүлүшү (төө буурчак)



Уруғни ўсиб чиқиши.

